Апакем

Сөзү: Акжол

Обону: Догай Андрей

Жашоого жарык шам жандырган,
Жылуулук берген муздатпай.
Жылмайып дайым кубандырган,
Апакебай тазалыгың булактай.
Элесиң кетпейт көз алдымдан,
Сагынамын алыстасам,
Жаңылбайм билем тагдырымдан,
Жалгыз сага кызматымды арнасам.
Кайырма:
Аралыгы узап өтсө дагы ай-жылдардын,
Суранамын мени ыйлап сагынба.
Апакебай алтыным суранам кайгырбагын,
Көңүлүм дайыма сенин жаныңда.
Чырактай көздөр жана берсин,
Мезгилиң шашып учса да.
Жаш болуп жүрөк кала берсин,
Карылык жолуңда күтүп турса да.
Кайырма:
Кайгы-капага мен үчүн багынба,
Мен деп кусаланба, жаныңдамын сагынба.
Кайыра: